КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫНДЫ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

**VII- сессия** **I – чакырылыш**

25

# ТОКТОМ № 37

30- сентябрь 2025-ж. Вознесенока а.

***" Жер тилкесинин ижара акысын бекитүү жөнүндө"***

Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн "Демилге" МИ жетекчиси А.О.Абдраеванын 31.07.2025-жылдагы чыг. № 101 " Уюлдук байланыштын базалык станциялары бар компаниялар пайдаланып жаткан жер тилкеси үчүн ижара акысынын төлөмүн, түзүлгөн ижара келишими аяктагандан тарта көтөрүп берүү жөнүндөгү " кайрылуусун, 09.09.2025-жылдагы объектин ижара наркы жөнүндө №72 каттоо номериндеги корутундуну карап чыгып, учурдагы баалардын өсүшүн эске алып, муниципалдык ишкананын бюджетин жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө " Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып, Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1.Орто-Кайыңды айыл аймагынын Суусамыр өрөөнүндөгү Париж Токойлуу участогундагы Нур-Телеком ЖЧКнун жайыт аянтында орнотулган уюлдук байланыштын базалык станциясы үчүн 2025-жылга ижара келишиминин мөөнөтү аяктаган күндөн тарта пайдаланып жаткан жер тилкесинин ижара акысы ай сайын 10 000 ( Он миң) сомго бекитилсин.

2.Орто-Кайыңды айыл аймагынын Кум-Арык айылында Нур-Телеком ЖЧКнун орнотулган уюлдук байланыштын базалык станциясы үчүн 2025- жылга ижара келишиминин мөөнөтү аяктаган күндөн тарта пайдаланып жаткан жер тилкесинин ижара акысы ай сайын 10 000 ( Он миң) сомго бекитилсин.

3.Бул токтомду аткаруу " Демилге " МИ жетекчиси А.О. Абдыраевага милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселеси боюнча туруктуу депутаттык комиссиясынын төрагасы С.Т. Нуржановго жүктөлсүн.

Төрага К.М. Мырзагелдиев